КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

04.10.2023 ж. № 76/XXIII – 2

## Панфилов районунун Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгына Кайыңды шаардык мэриясынын муниципалдык менчик боюнча бөлумүнө караштуу Мира көчөсү №2/а, аянты 653,2 кв.м. болгон жер тилкесин берүү жөнүндө

Панфилов районунун Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгына “Жаңы имарат куруу үчүн жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө» Кайыңды шаарынын мэриясынын катын карап, изилдеп, 1999-жылдын 2 – июнунданы № 45 Кыргыз Республикасынын “Жер кодексинин” 14 – беренесинин, 25 – беренесинсин 2-пунктунун, 32-беренесинин 4-пунктунун негизинде, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы, токтом кылат:

1.Кайыңды шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик боюнча бөлүмүнүн муниципалдык менчигинде турган, Мира көчөсү №2/а , аянты 653,2 кв.м. болгон жер тилкеси, Панфилов районунун Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгына жаңы административдик имарат куруу үчүн берүүгө макулдук берилсин.

2.Аталган жер тилкеси 3 жылдын ичинде өз максаты боюнча пайдаланылбаса, Кайыңды шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик боюнча бөлүмүнүн балансына кайтарылсын.

3.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине каттоо жана киргизүү үчүн Чүй - Бишкек шаардык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин агрардык, жер жана турак-жай маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Э.Т.Иманкулов